# ПРАВИЛА ДОРОЖНОГО ДВИЖЕНИЯ

## 2021

# ЖОЛ КЫЙМЫЛЫНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ

КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Редакция 05.02.2020**

| | |
|---|---|
| **Текст ПДД КР на 2021 г.** | **КР ЖКЭ 2021 тексти** |
| **Дорожные знаки и разметка** | **Жол белгилери жана чийиндер** |
| **Основные положения по допуску ТС** | **Адамдарынын милдеттери** |
| **Таблица штрафов за нарушение ПДД КР** | **КР ЖКЭ Айыптын өлчөмдөрү таблицасы** |

# Как пользоваться?

1. Содержание интерактивное. При нажатии переходите на нужный раздел.




2. Можно вернуться к содержанию с любой страницы. Для этого нажмите на текст «ПДД КР 2020» вверху страницы.




3. В тексте есть активные ссылки на сайт [JOLDO.kg](JOLDO.kg). На сайте можно найти подробное объяснение многих пунктов ПДД КР.

**JOLDO.kg Правила дорожного движения.** – 2021. – PDF версия.

Текст ПДД КР на двух языках, на русском и кыргызском. Время от времени проверяйте актуальность текста ПДД КР. Для этого Вы можете зайти на сайт Joldo.kg в раздел **ПДД КР**.

© Joldo.kg 2021

## Оглавление

**1.** Общие положения

**2.** Общие обязанности водителей

**3.** Применение специальных сигналов

**4.** Права и обязанности пешеходов

**5.** Обязанности пассажиров

**6.** Сигналы светофора или регулировщика

**7.** Применение аварийной сигнализации и знака аварийной остановки

**8.** Начало движения, маневрирование

**9.** Расположение транспортных средств на проезжей части

**10.** Скорость движения и дистанция

**11.** Обгон, встречный разъезд

**12.** Остановка, стоянка (парковка) транспорта

**13.** Проезд перекрестков

**14.** Пешеходные переходы и остановки маршрутных транспортных средств

**15.** Движение через железнодорожные пути

**16.** Движение по автомагистралям

**17.** Движение в жилых зонах

**18.** Приоритет маршрутных транспортных средств

**19.** Пользование внешними световыми приборами

**20.** Буксировка механических транспортных средств

**21.** Учебная езда

**22.** Перевозка людей

**23.** Перевозка грузов

**24.** Дополнительные требования к движению велосипедов, мопедов, гужевых повозок, а также прогону животных

**Приложение 1.** Дорожные знаки

**Приложение 2.** Дорожная разметка

**Приложение 3.** Основные положения по допуску ТС к эксплуатации

**Штрафы за нарушение ПДД КР**

## Мазмуну

1. Жалпы жоболор

2. Айдоочулардын жалпы милдеттери

3. Атайын сигналдарды колдонуу

4. Жөө адамдардын укуктары жана милдеттери

5. Жүргүнчүлөрдүн милдеттери

6. Светофордун жана жөнгө салуучунун сигналдары

7. Авариялык сигнализацияны жана авариялык токтоп калуу белгисин колдонуу

8. Кыймылды баштоо, маневр жасоо

9. Жүрүүчү бөлүктө транспорт каражаттарынын жайгашуусу

10. Кыймылдын ылдамдыгы жана дистанция

11. Озуп өтүү, кайчы өтүү

12. Транспорт каражаттын аялдашы жана токтоп турушу

13. Кесилиштерден өтүү

14. Жөө адам өткөөлдөрү жана маршруттары транспорт каражаттарынын аялдамалары

15. Темир жолдордон өтүү

16. Автомагистралдар аркылуу кыймыл

17. Турак-жай зоналарындагы кыймыл

18. Маршруттагы транспорт каражаттарынын артыкчылыгы

19. Тышкы жарык приборлорун колдонуу

20. Механикалык транспорт каражаттарын сүйрөтүү

21. Айдаганга үйрөтүү

22. Адамдарды ташуу

23. Жүк ташуу

24. Велосипеддердин, мопеддердин, арабалардын кыймылына, ошондой эле мал айдоого кошумча талаптар

**Тиркемеси 1.** Жол белгилери

**Тиркемеси 2.** Жол бетиндеги чийиндер

**Тиркемеси 3.** Адамдарынын милдеттери

**Айыптын өлчөмдөрү**




## 1. Общие положения

**1.1.** Правила дорожного движения(*) Кыргызской Республики (далее Правила) - комплексное выражение поведения на дорогах участников дорожного движения, выработанные на основе многолетней практики в наиболее характерных дорожных ситуациях.

Целью Правил является - установление единого порядка в использовании дорог наземным транспортом и другими участниками дорожного движения.

Основу Правил составляют право:

- на жизнь и здоровье человека;
- на сохранность комплекса дорог, транспортных средств и материальных ценностей;
- на обеспечение экологической безопасности государства;
- на осуществление контроля за соблюдением требований Правил участниками дорожного движения.

Настоящие Правила устанавливают единый порядок дорожного движения, взаимоотношения между его участниками и уполномоченными сотрудниками органов внутренних дел, осуществляющими специальные контрольные, надзорные и разрешительные функции в области обеспечения безопасности дорожного движения на всей территории Кыргызской Республики. Другие нормативные акты, касающиеся дорожного движения, должны основываться на требованиях настоящих Правил и не противоречить им, если иное не предусмотрено вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика.

**1.2.** В Правилах используются следующие основные понятия и термины:

"**Автомагистраль**" - дорога высокой пропускной способности, предназначенная для скоростного движения автотранспортных средств, имеющая для каждого направления не менее двух полос движения, отделенная друг от друга разделительной полосой (при ее отсутствии - дорожным ограждением), без пересечений в одном уровне с другими дорогами, железнодорожными или трамвайными путями,

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Кыргыз Республикасынын Жол кыймылынын эрежелери(*) (мындан ары - Эрежелер) айрыкча мүнөздүү жол кырдаалдарында көп жылдык практиканын негизинде иштелип чыккан жол кыймылына катышуучулардын жүрүм-турумдарынын комплекстүү чагылдырылышы.

Эрежелердин максаты - кургак жердеги транспорт жана жол кыймылынын башка катышуучулары жолдорду пайдалануусунун бирдей тартибин белгилөө.

Эрежелердин негизин төмөнкүдөй укуктар түзөт:

- адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна укук;
- жолдордун комплекси, транспорт каражаттар жана материалдык баалуулуктар сакталышына укук;
- мамлекеттин экологиялык коопсуздугун камсыздоого укук;
- Жол кыймылынын катышуучулардын Эрежелерди сакташын контролдоо укугу.

Бул Эрежелер жол кыймылынын бирдей тартибин, анын катышуучуларынын жана ички иштер органдарынын Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо жагында атайын контролдоочу, көзөмөлдөөчү жана уруксат берүүчү функцияларды аткарган ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин өз ара мамилелерин белгилейт. Жол кыймылына тиешелүү башка нормативдик укуктук актылар, эгерде Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса ушул Эрежелердин талаптарына негизделүүгө жана аларга каршы келбөөгө тийиш.

**1.2.** Эрежелерде төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр жана терминдер пайдаланылат:

**"Автомагистраль"** - автотранспорт каражаттардын ылдам жүрүшү үчүн арналган, ар бир багыт үчүн экиден кем эмес жүрүү тилкеси бар, бири-биринен бөлүүчү тилке менен (ал жок болсо - жолдун тосмосу менен) ажыратылган, башка жолдор менен, темир жол же трамвай жолдор, жөөлөр үчүн же велосипед үчүн жолдор менен бир деңгээлде

пешеходными или велосипедными дорожками, обозначенная знаком 5.1(**).

"**Аварийная ситуация**" - ситуация, возникающая в процессе дорожного движения, при которой действие или бездействие участников движения создает угрозу возникновения дорожно-транспортного происшествия.

"**Автопоезд**" - механическое транспортное средство, сцепленное с прицепом (прицепами).

"**Безопасность дорожного движения**" - состояние дорожного движения, отражающее степень защищенности его участников и государства от дорожно-транспортных происшествий и их последствий.

"**Безопасная дистанция**" - расстояние до транспортного средства, движущегося впереди по той же полосе, которое в случае его внезапного торможения или остановки позволит водителю транспортного средства, движущегося сзади, избежать столкновения без экстренного торможения.

"**Безопасный интервал**" - расстояние между боковыми частями движущихся транспортных средств либо между ними и другими объектами, при котором обеспечена безопасность дорожного движения.

"**Безопасная скорость**" - скорость, при которой водитель имеет возможность безопасно управлять транспортным средством и контролировать его движение в конкретных дорожных условиях.

"**Буксировка**" - перемещение одним транспортным средством другого транспортного средства, которое не относится к эксплуатации транспортных составов, на жесткой или гибкой сцепке либо способом частичной погрузки на платформу или специальное опорное приспособление.

"**Велосипед**" - транспортное средство, кроме инвалидных колясок, имеющее два колеса или более и приводимое в движение мускульной силой людей, находящихся на нем.

"**Видимость**" - максимальное расстояние, на котором с места водителя можно четко распознать границы элементов дороги и расположение участников движения, что позволяет водителю ориентироваться во время управления транспортным средством, в частности для выбора безопасной скорости и осуществления безопасного маневра.

"**Водитель**" - лицо, управляющее каким-либо транспортным средством, погонщик, ведущий по дороге вьючных, верховых животных или стадо. К водителю приравнивается обучающий вождению.

кесилишпеген, 5.1(**) белги менен белгиленген, өткөрүүгө жарактуулугу жогорку жол.

**"Авариялык кырдаал"** - жол кыймылынын учурунда жол кыймылына катышуучулардын аракеттери же аракетсиздиги жол-транспорт кырсыгы болуу коркунучун жараткан кырдаал.

**"Автопоезд"** - чиркегич (чиркегичтер) чиркелген механикалык транспорт каражат.

**"Жол кыймылынын коопсуздугу"** - жол кыймылына катышуучулардын жана мамлекеттин жол-транспорт кырсыктарынан жана алардын кесепеттеринен корголуу даражасын чагылдыруучу жол кыймылынын абалы.

**"Коопсуз дистанция"** - ошол эле тилкеде алдыда бараткан транспорт каражатка чейинки, ал капыстан тормоз берген же токтогон учурда артта келаткан транспорт каражаттын айдоочусуна капыстан катуу тормоз бербестен сүзүшүүнү болтурбоого мүмкүндүк берчү аралык.

**"Коопсуз интервал"** - жүрүп бараткан транспорт каражаттардын же алар менен башка объекттердин капталдарынын арасындагы, жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоочу аралык.

**"Коопсуз ылдамдык"** - айдоочу транспорт каражатты коопсуз башкарууга жана конкреттүү жол шарттарында анын кыймылын контролдоого мүмкүндүк алуучу ылдамдык.

**"Буксирлөө"** - бир транспорт каражат менен экинчи транспорт каражатты катуу же ийилчээк илгич менен же бир бөлүгүн платформага же атайын таяныч түзүлүшкө жүктөө жолу менен сүйрөө, бул транспорттук составдарды эксплуатациялоого кирбейт.

**"Велосипед"** - майыптар коляскаларынан тышкары эки же андан ашык дөңгөлөгү бар жана анда отурган адамдын кара күчү менен кыймылга келүүчү транспорт каражаты.

**"Көрүнөөлүк"** - айдоочунун ордунан жолдун элементтеринин чектерин жана жүрүүгө катышуучулардын орундарын даана көрүүгө болуучу максимум аралык, бул айдоочуга транспорт каражатты башкаруу учурунда коопсуз ылдамдыкты тандоо жана коопсуз маневр жасоо үчүн ориентир алууга мүмкүндүк берет.

**"Айдоочу"** - кандайдыр-бир транспортту башкарган адам, жүк жүктөлүүчү, мингич жана башка малды айдап бараткан адам. Айдоону үйрөтүп жаткан адам да айдоочуга теңештирилет.

**"Аргасыздан токтоо"** - транспорт каражатынын техникалык жактан бузулушунан же ташылып

"**Вынужденная остановка**" - прекращение движения транспортного средства из-за его технической неисправности или опасности, создаваемой перевозимым грузом, состоянием водителя (пассажира) или появлением препятствия на дороге.

"**Владелец транспортного средства**" - организация, являющаяся юридическим лицом, на балансе которого состоит транспортное средство, или физическое лицо, обладающее правом собственности на транспортное средство.

"**Главная дорога**" - дорога, обозначенная знаками 2.1, 2.3.1-2.3.7 или 5.1, по отношению к пересекаемой (примыкающей) или дорога с твердым покрытием (асфальто- и цементобетон, каменные материалы и тому подобное) по отношению к грунтовой, либо любая дорога по отношению к выездам с прилегающих территорий. Наличие на второстепенной дороге непосредственно перед перекрестком участка с покрытием не делает ее равной по значению с пересекаемой.

"**Гужевая повозка (сани)**" - транспортное средство, приводимое в движение впряженными животными.

"**Горные дороги**" - дороги, отличающиеся от равнинных, техническими характеристиками, влияющими на безопасность движения: значительная высота над уровнем моря, наличие более крутых уклонов, малых радиусов поворота, серпантин, малая протяженность горизонтальных участков, возможность завалов, размывов, камнепадов, схода снежных лавин, наличие обрывов, прилегающих к дороге, и др.; специфика быстрого изменения погодных условий (дождь, снег, сель, туман и т.д.).

"**Грузовой автомобиль**" - автомобиль, который по своей конструкции и оборудованию предназначен для перевозки грузов.

"**Должностные лица**" - лица, постоянно, временно или по специальному полномочию осуществляющие или наделенные в установленном законном порядке распорядительными полномочиями в отношении лиц, не находящихся от них служебной зависимости, а равно лица, выполняющие организационно-распорядительные или административно-хозяйственные функции в государственных органах.

"**Дорога**" - обустроенная или приспособленная и используемая для движения транспортных средств полоса земли либо поверхность искусственного сооружения. Дорога включает в себя одну или несколько проезжих частей, а также трамвайные пути,

бараткан жүк келтирген коркунучтан, айдоочунун (жүргүнчүнүн) абалынын начарлоосунан же жолдо тоскоолдук пайда болушунан улам кыймылдын токтотулушу.

**"Транспорт каражатынын ээси"** - балансында транспорт каражаты бар юридикалык жак болуп саналган уюм же транспорт каражатына менчик укугу бар адам.

**"Башкы жол"** - кесип өткөн (кошулган) жолго карата 2.1, 2.3.1. - 2.3.7. же 5.1. белгилери менен көрсөтүлгөн жол же топурак жолго салыштырмалуу катуу кыртыштуу (асфальт жана цемент-бетон, таш материалдар жана ушул сыяктуулар менен капталган) жол же жамаатташ аймактардан чыккан жолдорго карата ар кандай жол. Кесилишке жакын жердеги экинчи даражадагы жолдун капталган кыртышы бар болушу аны мааниси боюнча кесилишип жаткан жолго теңдеш кылбайт.

**"Араба (чана)"** - жаныбарлар чегилип кыймылга келүүчү транспорт каражаты.

**"Тоодогу жолдор"** - жүрүүнүн коопсуздугуна таасир этүүчү техникалык мүнөздөмөлөрү: деңиз деңгээлинен орчундуу бийиктиги, тик өйдөлүштөрү, чукул радиустагы бурулуштары, серпантини, горизонталь участоктордун кыскалыгы, бүтөлүп калуу, суу жеп кетүү, таш кулоо, кар көчкү жүрүшү мүмкүндүгү, жолго жакын жарлар ж.б.у.с; аба ырайынын шарты тез өзгөрүшү менен түз жердеги жолдордон айырмаланган жолдор.

**"Жүк ташуучу автомобиль"** - конструкциясы жана жабдылышы боюнча жүктөрдү ташууга арналган автомобиль.

**"Кызмат адамдары"** - өздөрүнө кызматтан көз каранды эмес адамдарга карата туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укук боюнча тескөө укуктарын жүзөгө ашырган же мыйзамдарда белгиленген тартипте буга укуктуу болгон адамдар, ошондой эле мамлекеттик органдарда уюштуруу-тескөө же администрациялык-чарбалык функцияларды аткарган адамдар.

**"Жол"** - ылайыкташтырылган же ыңгайлаштырылган жана транспорт каражатынын кыймылы үчүн пайдаланылуучу жер тилкеси же жасалма курулуштун үстүңкү бети. Жол өзүнө бир же бир нече жүрүүчү бөлүктөрдү, ошондой эле трамвай жолдорун, жөө адамдар басуучу жолду, жол жээгин жана тилкелер болгон учурда аларды бөлүштүрүүчү сызыктарды камтыйт.

**"Жол-транспорт кырсыгы"** - транспорт каражатынын жол кыймылынын процессинде жана анын катышуусу менен келип чыккан, адамдардын

тротуары, обочины и разделительные полосы, при их наличии.

"**Дорожно-транспортное происшествие**" - событие, возникающее в процессе движения по дороге транспортного средства и с его участием, при котором погибли или ранены люди, повреждены транспортные средства, груз, сооружения либо причинен материальный ущерб.

"**Дорожное движение**" - совокупность общественных отношений, возникающих в процессе перемещения людей и грузов с помощью транспортных средств или без таковых в пределах дорог.

"**Дорожная обстановка**" - совокупность факторов, характеризующихся дорожными условиями, наличием препятствий на определенном участке дороги, интенсивностью и уровнем организации дорожного движения (наличие дорожной разметки, дорожных знаков, дорожного оборудования, светофоров и их состояние), которые должен учитывать водитель при выборе скорости, полосы движения и приемов управления транспортным средством.

"**Дорожные условия**" - совокупность факторов, характеризующих (с учетом времени года, периода суток, атмосферных явлений, освещенности дороги) видимость в направлении движения, состояние поверхности проезжей части (чистота, ровность, шероховатость, сцепление), а также ее ширину, величину уклонов на спусках и подъемах, виражей и закруглений, наличие тротуаров или обочин, средств организации дорожного движения и их состояние.

"**Железнодорожный переезд**" - пересечение дороги с железнодорожными путями на одном уровне.

"**Жилая зона**" - территория в населенном пункте, обозначенная знаками 5.21 и 5.22.

"**Искусственные сооружения**" - сооружения, устраиваемые при пересечении дорогами рек, оврагов, горных хребтов, дорог и других препятствий, снегозащитные, противообвальные. Основные искусственные сооружения на автомобильных дорогах: мосты, путепроводы, тоннели, эстакады, трубы, водоотводные устройства, галереи, подпорные стены и др.

"**Край проезжей части**" - определяется линией разметки, а при ее отсутствии - условной линией, проходящей по кромке дорожного покрытия, а также в месте примыкания проезжей части к трамвайным путям. При невозможности определить кромку дорожного покрытия, в том числе и по дорожным

өлүмүнө же жарадар болушуна, транспорт каражатынын, жүктүн, курулуштун бузулушуна же материалдык зыянга алып келген окуя.

**"Жол кыймылы"** - жолдордун бетинде транспорт каражаттардын жардамы менен же аларсыз адамдарды жана жүктөрдү ташуу процессинде болуучу коомдук мамилелердин жыйындысы.

**"Жолдогу кырдаал"** - жолдун шарттары, жолдун тийиштүү участогунда тоскоолдуктардын болушу, жол кыймылынын ургаалдуулугу жана уюштурулуш деңгээли (жол бетиндеги чийиндердин, жол белгилеринин, жолдук жабдуулардын, светофорлордун болушу жана алардын абалы) менен мүнөздөлүүчү факторлордун жыйындысы, айдоочу ылдамдыкты, жүрүү тилкесин жана транспорт каражатты башкаруу ыкмасын тандоодо ушуларды эске алууга тийиш.

**"Темир жол өткөөлү"** - жолдун темир жол менен бир деңгээлде кесилишкен жери.

**"Турак жай зона"** - калктуу конуштагы 5.21 жана 5.22 белгилер менен белгиленген аймак.

**"Жасалма курулмалар"** - жолдор дарыялар, жарлар, тоо кыркалары, жолдор жана башка тоскоолдуктар менен кесилишкенде жасалчу, кардан, кулоолордон тосуучу курулмалар. Автомобиль жолдорундагы негизги жасалма курулмалар: көпүрөлөр, кабат жолдор, тоннелдер, эстакадалар, түтүктөр, сууну агызуучу түзүлүштөр, галереялар, тирөөч дубалдар ж.б.

**"Транспорт жүрүүчү бөлүктүн чети"** - жол бетиндеги чийин менен, эгер ал жок болсо - жол бетинин четин бойлото, ошондой эле жүрүүчү бөлүк трамвай жолу менен кошулган жерде шарттуу линия менен аныкталат. Жол бетинин чекесин аныктоого мүмкүн эмес болсо, анын ичинде жол шарттары боюнча да аныктоого болбосо, жүрүүчү бөлүктүн четин айдоочу өзү тапталган тилкенин чети боюнча аныктайт.

"**Жүрүүчү бөлүктөгү четки абал"** - транспорт каражаттын жүрүүчү бөлүктүн четинен жүрүүчү бөлүктүн ортосуна же бөлүүчү тилкеге карата абалы, бул удаалаш бараткан транспорт каражатка (анын ичинде эки дөңгөлөктүү транспорт каражатка) жүрүүчү бөлүктүн четине, жүрүүчү бөлүктүн ортосуна же бөлүүчү тилкеге андан да жакыныраак жүрүүгө мүмкүндүк бербейт.

**"Жеңил автомобиль"** - уруксат берилген салмагы 3500 (үч миң беш жүз) кг ашпаган, айдоочунун орундугунан тышкары отуруучу орундардын саны сегизден ашпаган, конструкциясы жана жабдылышы боюнча зарыл ыңгайды жана коопсуздукту

условиям, край проезжей части определяется самим водителем по краю накатанной полосы.

"**Крайнее положение на проезжей части**" - положение транспортного средства на расстоянии от края проезжей части к середине проезжей части или разделительной полосе, которое не дает возможности попутному транспортному средству (в том числе двухколесному) двигаться еще ближе к краю проезжей части, к середине проезжей части или разделительной полосе.

"**Легковой автомобиль**" - транспортное средство, разрешенная максимальная масса которого не превышает 3500 (три тысячи пятьсот) кг, число сидячих мест, в котором, помимо сиденья водителя, не превышает восьми, по своей конструкции и оборудованию предназначенное для перевозки пассажиров и их багажа с обеспечением необходимого комфорта и безопасности.

"**Маневрирование**" - начало движения, остановка, стоянка, поворот (разворот), перестроение, торможение и движение транспортного средства задним ходом.

"**Маршрутное транспортное средство**" - транспортное средство общего пользования (автобус, троллейбус, трамвай, маршрутное такси), предназначенное для перевозки по дорогам людей и движущееся по установленному маршруту с обозначенными остановочными пунктами (остановками).

"**Мост**" - сооружение, предназначенное для движения через реку, овраг и иные препятствия, границами которого являются начало и конец пролетных сооружений.

"**Механическое транспортное средство**" - транспортное средство, кроме мопеда, приводимое в движение двигателем. Термин распространяется также на любые тракторы и самоходные машины.

"**Мопед**" - двух- или трехколесное транспортное средство, приводимое в движение двигателем с рабочим объемом не более 50 куб.см и имеющее максимальную конструктивную скорость не более 50 км/ч. К мопедам приравниваются велосипеды с подвесным двигателем, мокики и другие транспортные средства с аналогичными характеристиками.

"**Мотоцикл**" - двухколесное механическое транспортное средство с боковым прицепом или без него. К мотоциклам приравниваются трех- и четырехколесные механические транспортные средства, имеющие массу в снаряженном состоянии не более 400 кг.

камсыздоо менен жүргүнчүлөрдү жана алардын жүктөрүн ташууга арналган транспорт каражат.

**"Маневр жасоо"** - транспорт каражаттын жүрүп башташы, токтошу, аялдамасы, бурулушу (кайрылышы), орун которуусу, тормоз бериши жана артка жүрүшү.

**"Маршруттук транспорт каражат"** - жолдор аркылуу адамдарды ташууга арналган жана белгиленген токтоочу пункттары (аялдамасы) бар белгиленген багыт боюнча жүргөн жалпы пайдалануудагы транспорт каражат (автобус, троллейбус, трамвай, маршруттук такси).

**"Көпүрө"** - дарыя, жар же башка тоскоолдуктар аркылуу өтүүгө арналган курулма, анын чектери өткөрүүчү курулмалардын башталышы жана аягы болуп эсептелет.

**"Механикалык транспорт каражат"** - мопедден тышкары кыймылдаткыч менен жүрүүчү транспорт каражаты. Термин ошондой эле ар кандай тракторлорго жана өзү жүрүүчү машиналарга жайылтылат.

**"Мопед"** - 50 куб.см ашпаган жумуш көлөмүндөгү кыймылдаткыч менен жүрүүчү жана эң жогорку конструкциялык ылдамдыгы саатына 50 километрден ашпаган эки же үч дөңгөлөктүү транспорт каражаты. Орнотулуучу кыймылдаткычы бар велосипеддер жана ушундай мүнөздөмөсү бар башка транспорт каражаттары мопедге теңештирилет.

**"Мотоцикл"** - капталында чиркегичи бар же анысы жок болгон эки дөңгөлөктүү механикалык транспорт каражат. Жүктөлгөн абалда салмагы 400 килограммдан ашпаган үч же төрт дөңгөлөктүү механикалык транспорт каражаттары мотоциклдерге теңештирилет.

**"Калктуу конуш"** - курулуштары бар аймак, ага кире бериште жана андан чыккан жолдор 5.23.1, 5.23.2, 5.24.1, 5.24.2, 5.25, 5.26 белгилери менен көрсөтүлгөн.

**"Начар көрүнүү"** - туманда, жамгыр, кар жааганда жана ушуга окшош шарттарда, ошондой эле күүгүмдө алдыдагы жолдун 300 м нары көрүнбөшү.

**"Уюшулган жөө колонна"** - жол боюнча чогуу бир багытта бараткан, Эрежелердин 4.2-пунктуна ылайык белгиленген адамдардын тобу.

**"Токтоо"** - транспорт каражатынын кыймылын 5 мүнөткө чейинки убакытка токтотуу, ошондой эле жүргүнчүлөрдү отургузуу же түшүрүү үчүн, же транспорт каражатына жүк жүктөө же түшүрүү

"**Населенный пункт**" - застроенная территория, въезды на которую и выезды с которой обозначены знаками 5.23.1, 5.23.2, 5.24.1, 5.24.2, 5.25, 5.26.

"**Недостаточная видимость**" - видимость дороги менее 300 м в условиях тумана, дождя, снегопада и тому подобное, а также в сумерки.

"**Организованная пешая колонна**" - обозначенная в соответствии с пунктом 4.2 Правил группа людей, совместно движущихся по дороге в одном направлении.

"**Остановка**" - преднамеренное прекращение движения транспортного средства на время до 5 минут, а также на большее, если это необходимо для посадки или высадки пассажиров либо загрузки или разгрузки транспортного средства.

"**Обвал**" - внезапное обрушение с крутых горных склонов каменных глыб, камней, щебня и крупнообломочных скальных грунтов.

"**Обгон**" - опережение одного или нескольких движущихся транспортных средств по дороге другим транспортным средством, связанное с выездом из занимаемой полосы, в том числе с выездом на встречную полосу.

"**Обочина**" - элемент дороги, примыкающий непосредственно к проезжей части на одном уровне с ней, отличающийся типом покрытия или выделенный с помощью разметки 1.2.1. Обочина может использоваться для остановки и стоянки транспортных средств, движения пешеходов, мопедов, велосипедов (при отсутствии тротуаров, пешеходных, велосипедных дорожек или при невозможности передвигаться по ним), гужевых повозок (саней).

"**Ограниченная обзорность**" - видимость дороги в направлении движения, ограниченная геометрическими параметрами дороги, придорожными инженерными сооружениями, насаждениями и прочими объектами, а также транспортными средствами.

"**Опасный груз**" - вещества, изделия из них, отходы производственной и иной хозяйственной деятельности, которые в силу присущих им свойств могут при перевозке создать угрозу для жизни и здоровья людей, нанести вред окружающей природной среде, повредить или уничтожить материальные ценности.

"**Опасность для движения**" - ситуация, возникшая в процессе дорожного движения, при которой продолжение движения в том же направлении и с той же скоростью создает угрозу возникновения дорожно-транспортного происшествия.

зарыл болгондо андан узак убакытта атайылап токтотуу.

**"Кулоо"** - тик беттерден таштардын, шагылдын жана асканын чоң бөлүктөрүнүн кулап түшүүсү.

**"Ашып өтүү"** - жүрүп бараткан бир же бир нече транспорт каражатты башка транспорт каражаттын ээлеген тилкесинен чыгуу менен, анын ичинде утурлаш тилкеге чыгуу менен кууп өтүшү.

**"Жолдун чети"** - жолдун жүрүүчү бөлүккө туташ, аны менен бир деңгээлдеги, бетинин капталышы боюнча айырмаланган же 1.2.1. чийин менен бөлүнгөн элементи. Жолдун чети транспорт каражаттарды токтотуу жана аялдамасы, жөө адамдардын, мопеддердин, велосипеддердин (тротуарлар, велосипед жолдору жок же алар боюнча жүрүү мүмкүн эмес болгон учурда), арабалар (чаналар) жүрүшү үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

**"Көрүүнүн чектелиши"** - бараткан багыттагы жолдо көрүүнүн жолдун геометриялык параметрлери, жол боюндагы инженердик курулмалар, өсүмдүктөр жана башка объекттер, ошондой эле транспорт каражаттар менен чектелген көрүнүшү.

**"Опурталдуу жүк"** - касиеттерине байланыштуу ташууда адамдардын өмүрүнө жана саламаттыгына коркунуч келтириши, табигый чөйрөгө зыян келтириши, материалдык баалуулуктарды бузушу же жок кылышы мүмкүн болгон заттар, алардан жасалган нерселер, өндүрүштүк же чарбалык иштин калдыктары.

**"Жүрүүдөгү коркунуч"** - жол кыймылынын процессинде пайда болуп, ошол багытта ошол ылдамдык менен жүрүүнү андан ары улантуу жол-транспорт кырсыгы чыгышына опурталдуу болгон кырдаал.

**"Озуу"** - транспорт каражаттын жанаша тилкелер боюнча удаалаш бараткан транспорт каражаттардын ылдамдыгынан ашык ылдамдык менен жүрүшү.

**"Жол кыймылын уюштуруу"** - жолдордогу кыймылды башкаруу боюнча уюштуруучу-техникалык жана тескөөчү иш-чаралардын комплекси.

**"Уюшулган транспорттук колонна"** - жаркылдаган көк түстөгү же айкалышкан көк жана кызыл түстөгү атайын өчүп-күйгөн жарыгы бар эң алдыдагы транспорт каражатынын коштоосунда дайыма күйгүзүлгөн жарыктары менен бир гана тилкеде биринин артынан бири бараткан үч же андан ашык механикалык транспорт каражаттарынын тобу.

"**Опережение**" - движение транспортного средства со скоростью, превышающей скорость попутных транспортных средств, движущихся рядом по смежным полосам.

"**Организация дорожного движения**" - комплекс организационно-технических мероприятий и распорядительных действий по управлению движением на дорогах.

"**Организованная транспортная колонна**" - группа из трех и более механических транспортных средств, следующих непосредственно друг за другом по одной и той же полосе с постоянно включенными фарами в сопровождении головного транспортного средства, имеющего специальную цветографическую окраску с включенным проблесковым маячком синего цвета или сочетанием маячков синего и красного цветов.

"**Ослепление**" - физиологическое состояние водителя вследствие воздействия света на его зрение, когда водитель объективно не имеет возможности обнаруживать препятствие или распознать границы элементов дороги на минимальном расстоянии.

"**Перекресток**" - место пересечения, примыкания или разветвления дорог на одном уровне, ограниченное воображаемыми линиями, соединяющими соответственно противоположные, наиболее удаленные от центра перекрестка начала закруглений проезжих частей. Не считаются перекрестками выезды с прилегающих территорий.

"**Пешеход**" - лицо, находящееся вне транспортного средства на дороге и не производящее на ней работу. К пешеходам приравниваются лица, передвигающиеся в инвалидных колясках без двигателя, ведущие велосипед, мопед, мотоцикл, везущие санки, тележку, детскую или инвалидную коляску.

"**Пешеходный переход**" - участок проезжей части, обозначенный знаками 5.19.1, 5.19.2 и (или) разметкой 1.14.1, 1.14.2 и выделенный для движения пешеходов через дорогу. При отсутствии разметки ширина пешеходного перехода определяется расстоянием между знаками 5.19.1 и 5.19.2.

"**Полоса движения**" - любая из продольных полос проезжей части, обозначенная или не обозначенная разметкой и имеющая ширину, достаточную для движения автомобилей в один ряд.

"**Преимущество (приоритет)**" - право на первоочередное движение в намеченном направлении по отношению к другим участникам движения.

**"Көрбөй калуу"** - көзгө жарыктын тийишинен улам айдоочу минимум аралыктагы жол элементтерин көрүүгө же айырмалап таанууга мүмкүнчүлүгү болбой калган физиологиялык абал.

**"Кесилиш"** - жолдор бир деңгээлде кесилишкен, кошулган же айрылышкан, элестетип боолголонгон сызыктар менен чектелип, жолдордун кесилишинин борборунан кыйла алыс турган карама-каршы жактарда жайгашкан бурулуштардын баштালыштарын бириктирип турган жол кесилиши. Жол боюндагы аймактардан кошулган жолдор кесилиш деп аталбайт.

**"Жөө адам"** - транспорт каражатында болбогон жана анда иш жүргүзбөгөн адам. Майыптардын кыймылдаткычы жок колясkasында бараткандар, велосипедди, мопедди, мотоциклди жетелегендер, чананы, арабаны, балдардын же майыптардын колясkasын сүйрөгөн адамдар жөө адамдарга теңештирилет.

**"Жөө адам өткөөлү"** - 5.19.1, 5.19.2 белгилери жана (же) 1.14.1, 1.14.2 чийини менен белгиленген жана жөө адамдар жолдон өтүшү айырмаланып көрсөтүлгөн жол бөлүгү. Чийин жок болгон учурда жөө адамдын өткөөлүнүн туурасы 5.19.1 жана 5.19.2 белгилеринин ортосундагы аралык менен аныкталат.

**"Кыймыл тилкеси"** - жолдун узатасынан кеткен тилкелеринин ар бири, алар чийин менен белгиленет же белгиленбейт жана туурасы автомобилдердин бир катар кыймылы үчүн жетиштүү болот.

**"Артыкчылык (приоритет)"** - жол кыймылынын башка катышуучуларына караганда белгиленген багытта биринчи кезекте өтүү укугу.

**"Жанаша аймак"** - түздөн-түз жол боюнда жайгашкан жана транспорт каражаттары кесип өтүшүнө арналбаган аймак (короолор, турак-жай массивдери, автомобиль токтоп туруучу жай, автомобилге май куюучу станция (АЗС), ишканалар жана башкалар).

**"Чиркегич"** - кыймылдаткыч менен жабдылбаган жана механикалык транспорт каражатынын курамында жүрүүгө арналган транспорт каражаты. Бул термин жарым-жартылай жүктөлүүчү жана өзүнчө сүйрөлүүчү чиркегичтерге да колдонулат.

**"Жүрүүчү бөлүк"** - рельсте жүрбөөчү транспорт каражаттар жүрүшү үчүн арналган жолдун бөлүгү.

**"Жүргүнчү"** - транспорт каражаттагы айдоочудан башка адам, ошондой эле транспорт каражатка кирген (отурган) же транспорт каражаттан чыгып (түшүп) жаткан адам.

"**Прилегающая территория**" - территория, непосредственно прилегающая к дороге и не предназначенная для сквозного движения транспортных средств (дворы, жилые массивы, автостоянки, АЗС, предприятия и тому подобное).

"**Прицеп**" - транспортное средство, не оборудованное двигателем и предназначенное для движения в составе с механическим транспортным средством. Термин распространяется также на полуприцепы и прицепы-роспуски.

"**Проезжая часть**" - элемент дороги, предназначенный для движения безрельсовых транспортных средств.

"**Пассажир**" - лицо, кроме водителя, находящееся в транспортном средстве (на нем), а также лицо, которое входит в транспортное средство (садится на него) или выходит из транспортного средства (сходит с него).

"**Пересечение дорог**" - узел автомобильных дорог, в котором сходящиеся дороги не прерываются и возможно сквозное движение по каждой из них.

"**Перестроение**" - выезд из занимаемой полосы или занимаемого ряда с сохранением первоначального направления движения.

"**Подушка безопасности надувная**" - устройство для удержания водителя и пассажиров автомобиля на своих местах при дорожно-транспортных происшествиях, состоящее из специальной оболочки, быстро наполняемой газом из баллона или генератора газа при резком торможении движения.

"**Препятствие для движения**" - любой материальный объект, затрудняющий или делающий невозможным дальнейшее движение по данной полосе проезжей части или по всей ширине дороги.

"**Противоаварийный съезд**" - тупиковый участок, примыкающий к дороге, располагаемый в пределах или в конце спуска, предназначенный для принудительной остановки транспортного средства в случае отказа его тормозных устройств путем увеличения сопротивления движению (подъем) в сочетании с засыпкой поверхности съезда рыхлым материалом (песок, гравий).

"**Путепровод**" - инженерное сооружение мостового типа над другой дорогой (железной дорогой) в месте их пересечения, обеспечивающее движение по нему на разных уровнях и дающее возможность съезда на другую дорогу.

"**Разделительная полоса**" - конструктивно выделенный элемент дороги, разделяющий смежные

**"Жолдордун кесилиши"** - автомобилдик жолдордун тоому, анда бири-бирине кошулган жолдор үзүлүп калбайт жана алардын ар бири боюнча аралап өтүү мүмкүндүгү бар.

**"Башка катарга өтүү"** - бараткан багытты өзгөртпөстөн ээлеп турган тилкеден же катардан чыгуу.

**"Үйлөтмө коопсуздук жаздыгы"** - жол-транспорт кырсыгы болгон учурда айдоочуну жана жүргүнчүлөрдү сактап калуучу түзүлүш, ал катуу токтогондо баллондон же генератордон келүүчү газ менен бат толтурулчу атайын каптан турат.

**"Жүрүүгө тоскоол"** - жүрүүчү бөлүктүн ошол тилкеси же жолдун бүткүл бети боюнча андан ары жүрүүнү кыйындаткан же такыр мүмкүндүк бербеген ар кандай материалдык объект.

**"Авариядан сактануучу бурулуш"** - тик ылдый түшкөндө транспорт каражаттын тормоздук түзүлүштөрү иштебей калган учурда жүрүүгө тоскоолдук (өйдөлүш) жаратуу менен транспорт каражатты мажбурлап токтотууга арналган, бети жумшак материал (кум, шагыл) менен капталган, жолдон чыга берме туюк участок.

**"Өткөөл жолдор"** - башка жол (темир жол) менен кесилишкен жерде ал боюнча ар кыл деңгээлдерде жүрүүнү камсыздоочу жана башка жолго өтүүгө мүмкүндүк берүүчү, көпүрө тибиндеги инженердик курулма.

**"Ажыратуучу тилке"** - жолдун конструкциясынын бөлүнгөн элементи, ал чектеш карама-каршы жүрүүчү бөлүктөрдү ажыратып турат жана ал рельс менен жүрбөгөн транспорт каражаттары менен жөө адамдардын кыймылы жана токтоп турушу үчүн арналган эмес.

**"Уруксат берилген максимум масса"** - жүк, айдоочу жана жүргүнчүлөр жүктөлгөн транспорт каражатынын массасы, аны максималдуу жол берилген масса катарында чыгарган ишкана белгилейт. Бир курамга кирген транспорт каражатынын уруксат берилген максималдуу массаларынын суммасы транспорт каражаттарынын курамынын, башкача айтканда бир бүтүн катары чиркелишкен жана кыймылдагы курамдын уруксат берилген максималдуу массасы катары каралат.

**"Жөнгө салуучу"** - тиешелүү күбөлүгү жана кийими (формалык кийими же айырмалоочу белгиси - колуна оролгон чүпөрөгү, жезли, кызыл сигналы же жарык чыгаргычы бар дискасы, кызыл фонары же желекчеси) бар ички иштер органынын, аскер автоинспекциясынын, жол-эксплуатациялоо кызматынын кызматкери, темир жол

проезжие части и не предназначенный для движения или остановки безрельсовых транспортных средств и пешеходов.

"**Разрешенная максимальная масса**" - масса снаряженного транспортного средства с грузом, водителем и пассажирами, установленная предприятием-изготовителем в качестве максимально допустимой. За разрешенную максимальную массу состава транспортных средств, то есть сцепленных и движущихся как одно целое, принимается сумма разрешенных максимальных масс транспортных средств, входящих в состав.

"**Регулировщик**" - сотрудник органов внутренних дел, военной автоинспекции, работник дорожно-эксплуатационной службы, дежурный на железнодорожном переезде, паромной переправе, дружинник, внештатный сотрудник органов внутренних дел, имеющие соответствующие удостоверения и экипировку (форменную одежду или отличительный знак - нарукавную повязку, жезл, диск с красным сигналом либо световозвращателем, красный фонарь или флажок).

"**Рельсовое транспортное средство**" - трамвай и платформы со специальным оборудованием, движущиеся по трамвайным путям. Все прочие транспортные средства, участвующие в дорожном движении, считаются нерельсовыми.

"**Ремень безопасности**" - эластичная лента, предназначенная для удержания водителя и пассажиров на своих местах внутри транспортного средства при дорожно-транспортных происшествиях.

"**Стоянка**" - преднамеренное прекращение движения транспортного средства на время более 5 минут по причинам, не связанным с посадкой или высадкой пассажиров либо загрузкой или разгрузкой транспортного средства.

"**Световозвращатель**" - отражатель световых лучей, особенность которого состоит в отражении падающих от него лучей света в обратном направлении.

"**Светофор**" - светосигнальное устройство, предназначенное для регулирования дорожного движения.

"**Транспортное средство**" - устройство, предназначенное для перевозки людей и (или) груза.

"**Такси**" - транспортные средства с опознавательным знаком "Такси", принадлежащие физическим и юридическим лицам, оказывающим в соответствии с законодательством Кыргызской Республики услуги по перевозке пассажиров и грузов. Опознавательный знак "Такси" имеет вид трапеции с заглавной буквой

өткөөлүндөгү, сал өткөөлүндөгү кезметчи, кошуундун адамы, ички иштер органынын штаттан тышкаркы кызматкери.

**"Рельсте жүрүүчү транспорт каражат"** - трамвай жана трамвайдын жолу менен жүрүүчү атайын жабдуулуу платформалар. Жол кыймылына катышкан бардык башка транспорт каражаттар рельсте жүрбөөчүлөр деп эсептелет.

**"Коопсуздук куру"** - жол-транспорт кырсыгында айдоочуну жана жүргүнчүлөрдү транспорт каражаттын ичиндеги өз орундарында кармоого арналган ийкемдүү тасма.

**"Токтоп туруу"** - жүргүнчүлөрдү отургузуу же түшүрүү, же транспорт каражатына жүк жүктөө же түшүрүү менен байланышпаган себептер боюнча транспорт каражатынын кыймылын 5 мүнөттөн ашык убакытка атайылап токтотуу.

**"Жарыкты чагылдыргыч"** - жарык нурларды чагылдыргыч, ал тийген жарыктын нурларын келген багытын карай чагылдырганы менен айырмаланат.

**"Светофор"** - жол кыймылын жөнгө салууга арналган жарык менен сигнал берүүчү түзүлүш.

**"Транспорт каражат"** - адамдарды жана (же) жүктөрдү ташууга арналган түзүлүш.

**"Такси"** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөтүүчү, жеке адамдарга жана юридикалык жактарга таандык, "Такси" деген таануучу белгиси бар транспорт каражаттар. Таанылуучу "Такси" белгиси "Т" деген баш тамгасы жана ичинен жарык күйгүзүлгөн чакмак белгилери бар трапеция түрүндө болуп, автомобилдин үстүнө биротоло же магнит менен орнотулат.

**"Сутканын караңгы мезгили"** - кеч күүгүмдөн таңкы күүгүмгө чейинки убакыттын аралыгы.

**"Тоннель"** - транспорт каражаттарды, сууну ж.б. өткөрүү үчүн арналган, жер катмарынын, тоо массивинин же суу катмарынын астынан өтүүчү жер алдындагы инженердик курулма.

**"Тормоздук жол"** - шашылыш тормоз берген учурда транспорт каражат тормоздук системанын башкаруу органына (педаль, сап) таасир эткенден баштап ал толук токтогонго чейинки аралык.

**"Тротуар"** - жолдун элементи, ал жөө адамдар басышы үчүн арналган жана жүрүүчү бөлүккө кошулуп же андан газон менен бөлүнүп турат.

"Т" и шашечками с подсветкой изнутри, установленный жестко или на магните на крыше автомобиля.

"**Темное время суток**" - промежуток времени от конца вечерних сумерек до начала утренних сумерек.

"**Тоннель**" - подземное инженерное сооружение, предназначенное для пропуска транспортных средств, водовода и т.п., проходящее через толщу земли, горный массив или под водным препятствием.

"**Тормозной путь**" - расстояние, которое проходит транспортное средство во время экстренного торможения с начала воздействия на орган управления тормозной системой (педаль, рукоятку) до полной его остановки.

"**Тротуар**" - элемент дороги, предназначенный для движения пешеходов и примыкающий к проезжей части или отделенный от нее газоном.

**"Уступить дорогу (не создавать помех)"** - требование, означающее, что участник дорожного движения не должен начинать, возобновлять или продолжать движение, осуществлять какой-либо маневр, если это может вынудить других участников движения, имеющих по отношению к нему преимущество, изменить направление движения или скорость.

"**Участник дорожного движения**" - лицо, принимающее непосредственное участие в процессе движения в качестве водителя, пешехода, пассажира транспортного средства; погонщик животных.

"**Улица**" - автомобильная городская дорога в пределах населенного пункта.

"**Утомление водителя**" - физиологическое состояние организма, выражающееся в снижении внимания, расстройстве координации движений, сонливости, наступающих в результате его деятельности за время управления транспортным средством.

"**Экологическая безопасность транспортного средства**" - это свойства транспортного средства снижать степень отрицательного влияния на окружающую среду.

"**Эстакада**" - инженерное сооружение, предназначенное для движения транспортных средств и (или) пешеходов, при прохождении одной дороги на другой в месте их пересечения, а также для создания дороги выше уровня земли с целью обхода занятых земель или транспортных потоков.

**1.3.** Участники дорожного движения обязаны знать и соблюдать относящиеся к ним требования Правил, сигналов светофоров, знаков и разметки, а также выполнять распоряжения регулировщиков, действующих в пределах предоставленных им прав и регулирующих дорожное движение установленными сигналами.

**"Жол берүү (тоскоолдук түзбөө)"** - эгерде кайсы бир жол кыймылынын катышуучусунун кыймылды баштоого, улантууга же кыймыл багытын өзгөртүүгө болгон аракеттери ага караганда салыштырмалуу артыкчылыгы бар башка жол кыймылынын катышуучуларынын кыймыл багытын же ылдамдыгын өзгөртүүгө мажбурлай турган болсо, ал жол кыймылынын катышуучусуна жогорудагыдай аракеттерди жасоого болбой тургандыгын билдирүүчү талап.

**"Жол кыймылынын катышуучусу"** - айдоочу, жөө адам, транспорт каражаттын жүргүнчүсү, малды айдоочу катары кыймылдын процессине түздөн-түз катышкан адам.

**"Көчө"** - калктуу конуштун ичиндеги шаардык автомобиль жүрүүчү жол.

**"Айдоочунун чарчашы"** - транспорт каражатты башкаруу убагындагы иштин натыйжасында көңүл коюунун азайышынан, кыймыл-аракеттин координациясы бузулушунан, уйку басуудан көрүнгөн организмдин физиологиялык абалы.

**"Транспорт каражаттын экологиялык коопсуздугу"** - транспорт каражаттын айлана-чөйрөгө терс таасирди азайтуучу касиеттери.

**"Эстакада"** - кесилишкен жерде бир жол экинчи жолдун үстүнөн өткөндө транспорт каражаттардын жана (же) жөө адамдардын жүрүшү үчүн арналган, ошондой эле бош эмес жерлерди же транспорттордун агымын айланып өтүү үчүн жердин деңгээлинен жогору турган жол жасоого арналган инженердик курулма.

**1.3.** Жол кыймылынын катышуучулары Эрежелердин өздөрүнө тиешеси бар талаптарын, светофорлордун сигналдарын, белгилерди жана чийиндерди билүүгө жана сактоого, ошондой эле жөнгө салуучуларга берилген укуктардын чектеринде иш жүргүзгөн жана жол кыймылын белгиленген сигналдар менен жөнгө салган бул адамдардын буйруктарын аткарууга милдеттүү.

**1.4.** Жолдордо транспорт каражаттарынын оң тараптуу кыймылы белгиленген.

**1.5.** Жол кыймылынын катышуучулары кыймыл үчүн коркунуч түзбөгүдөй жана зыян келтирбегидей түрдө жүрүүгө тийиш.

**1.4.** На дорогах установлено правостороннее движение транспортных средств.
**1.5.** Участники дорожного движения должны действовать таким образом, чтобы не создавать опасности для движения и не причинять вреда.
Запрещается повреждать и загрязнять покрытие дорог, снимать, загораживать, самовольно устанавливать дорожные знаки, светофоры и другие технические средства организации движения, оставлять и выбрасывать на дорогу любые предметы (мусор), создающие помехи для движения. Лицо, создавшее помеху, обязано принять все возможные меры для ее устранения, а если это невозможно, то доступными средствами обеспечить информирование участников движения об опасности и сообщить в милицию.
**1.6.** Лица, нарушившие Правила, несут ответственность в соответствии с действующим законодательством.

## 2. Общие обязанности водителей

**2.1.** Водитель механического транспортного средства обязан:

**2.1.1.** Останавливать транспортное средство и по требованию сотрудников уполномоченного органа в сфере внутренних дел по обеспечению безопасности дорожного движения передавать им для проверки:

- водительское удостоверение;
- регистрационные документы на транспортное средство;
- путевой лист и документы на перевозимый груз в установленных законом случаях;
- аккредитационную карточку, выдаваемую уполномоченным государственным органом в сфере иностранных дел, в случае нарушения правил дорожного движения сотрудниками дипломатических представительств, консульских учреждений иностранных государств, а также представительств международных организаций и иных приравненных к ним представительств, аккредитованных в Кыргызской Республике.

В случаях, прямо предусмотренных действующим законодательством, иметь и передавать для проверки работникам уполномоченного государственного органа в сфере регулирования и контроля деятельности на автомобильном транспорте лицензию и документы, предусмотренные правилами перевозок пассажиров и грузов.

Жолдордун кыртышына зыян келтирүүгө жана аны булгоого, жол белгилерин, светофорлорду жана кыймылды уюштуруунун башка техникалык каражаттарын алып салууга, тосууга, өз алдынча орнотууга, кыймылга тоскоолдук кылуучу буюмдарды жолго таштоого тыюу салынат. Тоскоолдук түзгөн адам аны четтетүү үчүн мүмкүн болгон бардык чараларды көрүүгө, ал эми бул мүмкүн болбосо, коркунуч жөнүндө мүмкүн болгон каражаттар менен кыймылдын катышуучуларын маалымдоону камсыз кылууга жана милицияга кабарлоого милдеттүү.

**1.6.** Эрежелерди бузган адамдар колдонулуп жаткан мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

## 2. Айдоочулардын жалпы милдеттери

**2.1.** Механикалык транспорт каражатынын айдоочулары төмөнкүлөргө милдеттүү:

**2.1.1.** Транспорт каражатын токтотууга жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлеринин талабы боюнча аларга текшерүү үчүн төмөнкүлөрдү берүүгө:

- айдоочулук күбөлүктү;
- транспорт каражатынын каттоо документтерин;
- мыйзамдарда белгиленген учурларда жолдомо барагын жана ташып бараткан жүккө документтерди;
- дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн, чет мамлекеттердин консулдук мекемелеринин, ошондой эле эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрүнүн жана аларга теңдештирилген Кыргыз Республикасында аккредитацияланган өкүлчүлүктөрүнүн кызматкерлери жол кыймылынын эрежелерин бузган учурда тышкы иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган берген аккредитациялык карточканы.

Колдонуудагы мыйзамдарда түздөн-түз каралган учурларда жүргүнчүлөрдү жана жүктү ташуу эрежелерине ылайык лицензияны жана документтерди алып жүрүүгө жана автомобиль транспортунда ишти жөнгө салуу жана контролдоо

**2.1.2.** При движении на транспортном средстве, оборудованном ремнями безопасности, быть пристегнутым и не перевозить пассажиров, не пристегнутых ремнями (допускается не пристегиваться ремнями детям до 12 лет в соответствии с пунктом 22.8 Правил, обучающему вождению - когда транспортным средством управляет обучаемый, а в населенных пунктах, кроме того, водителям и пассажирам автомобилей оперативных служб.

*Перечень оперативных и специальных служб устанавливается Правительством Кыргызской Республики*

При управлении мотоциклом быть в застегнутом мотошлеме и не перевозить пассажиров без застегнутого мотошлема.

**2.2.** Водитель механического транспортного средства, участвующий в международном дорожном движении, обязан:

- иметь при себе регистрационные документы на транспортное средство и водительское удостоверение, соответствующие Конвенции о дорожном движении;
- иметь на транспортном средстве регистрационный и отличительный знаки государства, в котором оно зарегистрировано.

**2.3.** Водитель транспортного средства обязан:

**2.3.1.** Перед выездом проверить и в пути обеспечить исправное техническое состояние транспортного средства в соответствии с Основными положениями по допуску транспортных средств к эксплуатации и обязанностям должностных лиц по обеспечению безопасности дорожного движения.

*В дальнейшем - Основные положения*

